DOI:10.26104/NNTIK.2022.56.15.075

Бешкемпирова А.И.

МУРЗА ГАПАРОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ СИНОНИМ СӨЗДӨРДҮН СТИЛДИК ТАБИЯТЫ

Бешкемпирова А.И.

СТИЛИСТИЧЕСКАЯ ПРИРОДА СЛОВ-СИНОНИМОВ В ТВОРЧЕСТВЕ МУРЗЫ ГАПАРОВА

A. Beshkempirova

STYLISTIC NATURE OF SYNONYMS IN THE WORKS OF MURZA GAPAROV

УДК: 494.3:8.08

Макалада жазуучу Мурза Гапаровдун чыгармаларында берилген синоним сөздөрдүн колдонулушу, стилдик табияты каралды. М. Гапаров синоним сөздөрдү туш келди колдоно бербестен, аларды айтылуучу ойдун мазмунуна, багытына карай ылгап, тандап колдонгону менен өзгөчөлөнөт. Анын ар бир сөзү жүк көтөрүп, сыр катып, мааниге ээ болуп, ар бир сөзү окурманды ойлондурууга аргасыз кылары көрсөтүлдү. Синонимдер бири-бирине маанилеш болгону менен, кепте колдонулуш жыштыгы, стилдик мүнөзү, маанилик оттенкалары боюнча бардык учурда эле бирдей боло бербеген кызматын М.Гапаровдун чыгармаларынын мисалында талданат. Макалада М.Гапаровдун чыгармаларындагы синоним сөздөрдүн жаралыш шарттары, алардын маани-маңызы, жаралыш-себептери ар тараптан каралып, кеңири анализдер жүргүзүлөт.

Негизги сөздөр: *синоним сөздөр, стилдик табияты, лексико-семантика, семантика-стилистикалык, эмоциялык-стилистикалык, индивидуалдуулук, реализацияланышы.*

В статье рассматриваются роли синонимов, использованных в произведениях писателя Мурзы Гапарова, и их стилистический характер. Особенностью творчества писателя М.Гапарова является то, что он в своих произведениях использует выразительные слова, то есть, синонимы не хаотично, а разборчиво по функциональному содержанию идей. Имея свой вес и глубокий смысл, каждая его словарная единица тает в себе тайну и заставляет читателя задуматься. Хотя синонимы являются тождественными словами, на основе лингвистического и стилистического анализа текстов произведений М.Гапарова можно заключить, что частота их использования, стилистический характер и смысловой оттенок не всегда совпадают друг с другом. В статье рассматриваются условия и причины происхождений синонимов в произведениях М.Гапарова, их смысловая сущность, а также производится подробный анализ синонимам.

Ключевые слова: *синонимы, стилистическая природа, лексико-семантика, семантико-стилистический, эмоционально-стилистический, индивидуальность, реализация.*

The article deals with the roles of synonyms used in the works of the writer Murza Gaparov and their stylistic nature. A feature of the work of the writer M. Gaparov is that he uses expressive words in his works, that is, synonyms are not random, but legible in terms of the functional content of ideas. Having its own weight and deep meaning, each of its vocabulary units conceals a mystery and makes the reader think. Although synonyms are identical words, based on the linguistic and stylistic analysis of the texts of M. Gaparov's works, it can be concluded that the frequency of their use, stylistic nature and semantic connotation do not always coincide with each other. The article discusses the conditions and causes of the origin of synonyms in the works of M. Gaparov, their semantic essence, and also provides a detailed analysis of synonyms.

Key words: *synonyms, stylistic nature, lexico-semantics, semantic-stylistic, emotional-stylistic, individuality, realization.*

Акыркы жылдарда жазуучулардын көркөм чыгармаларындагы сөз каражаттарын иликтөө менен бирдикте стилистикалык жагына көбүрөөк басым жасалууда. Тилибиздин укмуштуудай бай казынасын өзүнүн көркөм дөөлөттөрүндө чыгармачылык менен пайдаланган, тилинин таттуулугу аркылуу өз окурмандарын тапкан жазуучуларыбыздын бири – Мурза Гапаров.

М.Гапаров ар бир чыгармасында пейзажды сүрөттөөнүн устаты катары көрүнүп, тили өтө ийкемдүүлүгү, сөзгө аяр мамиле жасагандыгы, эки валентин тапкычтыгы жана лексемаларды тандап иштегендиги менен өзгөчөлөнөрүн айтмакчыбыз. Биз макалабызда жазуучунун көркөм сөз каражаттарды, анын ичинде синоним сөздөрдү колдонуу ыкмасын, иштетүү жөндөмдүүлүгүн лингвостилистикалык аспектиде карап чыгууга ниеттендик.

Тилдин таасир этүү кызматынын негизги каражаттарынын бири –синонимия кубулушу [1, 73-б.]. Синонимдер кепте колдонулушу, маанилик катарды түзгөн жыштыгы бири-бирине маанилнш болгону менен стилдик мүнөзү, маанилик оттеноктору боюнча, дайыма эле бирдей боло бербейт. Жазуучунун чыгармаларында маанилик катарды түзгөн синонимдеш сөздөр ондоп саналат. Автор өзүнүн оюн, максатын синонимдердин күчүнө таянуу менен окурмандардын сезимин козгоп, жүрөгүнөн түнөк таап калганга жетише алган. *М: Байкап, андан нары ага <u>үндөбөдү,</u> ал да <u>унчукпай</u> кете берди* [2, 20-б.]. Контексттеги *үндөбөдү, унчукпай* маанилеш синонимдери кайталоого жол бербеш үчүн колдонулду. Ал эми *үндөбөдү* сөзү *сүйлөбөдү* деген сөзгө караганда стилдик жактан реализацияланып, кептин көркөмдүгүн арттырып, вербализациялоону берип турат.

Тилдик каражаттарды кепте ылгап, көркөм, туура пайдалануу ар бир жазуучунун көз жүгүртүүсүнө, табитине, тажрыйбасына, дүйнөнү кабылдоосуна

жараша болгонунун натыйжасында аларда индивидуалдуулук жаралып, өзүнө таандык жеке стили пайда болот.

Мурза Гапаровдун чыгармаларында синонимдердин семантикасы, жаралуу, жашоо өбөлгө-себептери, лингвистикалык кызматы сыяктуу маселелер камтылат. Андыктан биз аталган маселелерди жазуучунун чыгармаларынын мисалында талдоону туура көрдүк.

Семантикалык мааниси боюнча эч кандай айырмаланбаган, бирдей маанига ээ *адам - киши* лексемалары кайсы бир белгиси боюнча өз ара айырмачылыкка тушугушат. Алсак: *киши* сөзү *эркек, аял (эркек киши, аял киши)* лексемаларынын экөө менен бирдей даражада айкашат. *М: Бул адам катыны жана бойго жеткен кызы менен жатакананын бир бурчунда жашайт. Бу киши оозунан папирос үзбөй* [2, 6-б.]. Ал эми *адам* сөзү *эркек* сөзү менен (эркек адам) айкашып, *аял* сөзү менен айкашпайт, башкача айтканда, *аял адам* деп айтылбайт. Үстүртөн караганда толук дал келгендей туюлган, бири-бирин алмаштырууга боло турган бул сөздөр деле кандайдыр бир кырдаалда туура келе бербейт. Ошондой эле эмоциялык-экспрессивдик таасири, колдонулуш функциясы жагынан өз ара өзгөчөлөнүшөт.

Окумуштуу Б.Усубалиев синонимдердин семантикалык жактан, т.а., лексикалык мааниси боюнча айырмачылыгы, синонимдердин семантика-стилистикалык, эмоциялык-стилистикалык маанилери ж.б., боюнча ажырымга ээ болгон эки жагдай синонимдердин тилибизде пайда болушуна, колдонулушуна жана жашап турушуна өбөлгө түзөрүн белгилейт [4, 212-б.].

Өзөк катары келүүчү синонимдик түгөйлөр контекстте мааниси боюнча бирин экинчиси алмаштырса, башка бир учурда алмаштыра албай да калат. Мисалы, *«Бул аял шопурдун эмнеси болду экен? - деп ойлой кетти Сыдык, келиндин шакек, билериктүү колдорун, ак жуумал, акылдуу жүзүн карап отуруп. –Карындашыбы? Окшошпойт. Көңүлдөшүбү? Кудай сактасын, ушу чабалекейдей болгон назик жубан өзүнөн эки эсе улуу, өгүз кебетеленген немеге кантип ылайык келсин»* [2, 346-б.].

Дервиш өйдө болду. – Балам, суу ичип кет, - деди ал. – Кызыл булактын суусу. Муздак... – Чаңкап турган экен, кесени бир эле шимирип койду [2, 79-б.]. Мында *суу ичип кет* дегендин ордуна *суу ууртап кет* десек сүйлөм стилдик жактан туура болбой калмак.

Бир маалда төркү үйдөн Кичине түйүнчөк колтуктап, Суусар чыкты. Жүзү купкуу алсыз [2, 116-б.].

Мындагы *жүзү купкуу* дегендин ордуна *бети купкуу алсыз* деп өзгөртсөк стилдик жактан бул да туура колдонулбай калмак.

Мисалдардагы синоним, *ич-уурта, жүз-бет* сөздөрү дайыма эле бирин экинчиси алмаштыра албайт. Демек, мындай учурда алар өз ара синонимдик катышты түзө алышпайт. Ал эми биринчи сүйлөмдө келтирилген синоним сөздөр бирин-бири кээде толук алмаштырса кээде алмаштыра албайт. Себеби, *келин-жубан* деген синонимдер дайыма бирин-бири алмаштыра албайт. Анткени кыз турмушка чыккандан кийинки курагы *келин* болот, ал эми турмушка чыккандан кийин ажырашып кетип бой жүрсө аны *жубан* дешет.

Жазуучунун сөз куржунунда көркөм каражаттарынын бири болгон синонимдердин бай казынасы бар экенин ар бир аңгемесинен көрөбүз. Ал синонимдерди кынаптап, ыктуу пайдаланып, бир контексттин чегинде семантикалык түгөйлөргө стилдик боёк берүү максатында жете алган.

Синонимдик түгөйлөрдүн биринчиси бардык стилдерде колдонулса, кийинкилери көркөм же сүйлөшүү стилдеринде колдонулат. Мисалы, *-Апа…-деди уулу, күтүлбөгөн кубанычын жашыра албай. – Силерге да ырахмат, - деди Сали ичи элжиреп.* (сүйүнүп, кубанып, ыраазы болуп). *-Жакын кишилерди ушинтип анча-мынча сынап коюп жүргөн жакшы, - деди Калык мулуңдап* [2, 313-б., 239-б., 241-б.].

Биринчи контекстеги *кубануу* лексемасы бардык стилдерде колдонулса, кийинки экөө көркөм, сүйлөшүү стилдеринде колдонулат.

Маниилик-стилистикалык синонимдерди түзгөн синонимдик лексемалар бири экинчисинен кошумча маанилери менен гана эмес, өздөрүндөгү стилистикалык сапаттары, өң-түсү, жыты, белгилери боюнча да айырмаланып стилистикалык боектуулугу менен өзгөчөлөнөт. Андай синоним сөздөр көркөм чыгармада көп керектелет да, автордун каарманга карата ээлеген позициясын, же сүйлөөчүнүн угуучуга карата болгон оң же терс сезимин билдирет. М: «Сүйүүнүн кайыгында» Баси Артыкты «апенди», «кемчонтой» деп оң сезим менен айтып жаткандыгын көрүүгө болот. *- Апенди, - деп койду. Баси күлүп. Кемчонтойум келери кечке курбу – курдаштары менен куунап, кечинде келди* [2, 257-б., 258-б., 371-б.].

Мында *апенди, кемчонтой* терс семантикага ээ лексемалар оң синонимдик катарды түзүп, жазуучу тарабынан чебер, орундуу пайдаланылган. Мунун натыйжасында чыгарманын эстетикалык баалуулугу арткан.

Пай-пай, балапан гана бойдон экенсиң, кулунум - деди берки киши. Көрдүңбү, уулум, апаң мени түздөн – түз кылмышка түртөт [2, 433-б.].

Мында *«кулунум-уулум»* семантикалык лексемадагы *кулунум* метафоралык милдет аткарды. *М: «Менин ордума башка бирөө кирип келсе эмне болот, канчык?!» - деп чыңырат Колдош. «Мына эми жазасын тартасың, айым», - деди ал, үйүнө уурданып кирип алып* [2, 94-б.]. Мында Колдоштун аялы жөнүндө айтып жатканын контексттен гана биле алабыз. Ал эми

канчык сөзү терс эмоцияны уюштуруу менен контексттен тышкары алсак, ал иттин ургаачысын билдирген сөздү туюндурат. Ал эми *«айым»* деген сөз эркелетүү, сыпайы маанини берет, ал эми жазуучу ал сөздү кекерленип, какшык маанисинде берип жатат.

Маанилик-стилистикалык синонимдердин катарын түзгөн лексемалар стилистикалык парадигмага ажырайт. Себеби алардын ар биринде стилистикалык коннотация көзгө так көрүнүп, жазуучунун же каармандын кимдир бирөөнү кубаттоосу, шылдыңдоосу контексте бат эле ажыратылат.

Эл аны *ыйык суу, дары суу* дешет [2, 78-б.]. Мында *ыйык* деген сөз контексттен тышкары 1. Касиеттүү, баалуу, кымбат. 2. Кол тийгис деген маанилерди берсе *дары* деген сөз 1. Ооруну айыктырууга даярдалган зат. 2. өтмө мааниде даба, айла, себеп. 3. жарылуучу зат [3, 151-б.].

- Ох, *жаныбар, ажайып суу* да. Бул жерде М.Гапаров ыйык жана дары деген сөздөрдү синоним катары колдонгон. Ошондой эле, суну *жаныбар* деп атап *сууга* синоним катары колдонду. Мисалдардагы белгиленген сөздөрдү *(*ыйык-дары, суу-жаныбар) *«касиеттүү суу»* деген сөзгө карата жана өз ара да синонимдик катарларды түзүшү алардын өтмө мааниде колдонулушу менен шартталган.

Бул М.Гапровдун жеке индивидуалдык өзгөчөлүгү деп айтсак болот.

Балага бул таасир этти. Өзү да сезбей, селбип кадам шилтеп апасын утурлады [2, 312-б.]. Контексттеги *сезбей-селбип* лексемалары каршылаш семантиканы туюндурду. Себеби «сезбей» лексемасы эч нерсе туйбагандай, ал эми «селбип» дегенде байкалбай акырын кадам шилтөө деген маани элестүү берилди. Мында М.Гапаров каршы маанилеш түшүнүктөгү лексемаларды контексттик синоним катары, б.а., жеке өзүнө таандык индивидуалдык синонимдерди ыктуу жарата алды.

Жогоруда көрүнгөндөй лексикалык синонимдерден контексттик синонимдер өзүлөрүнүн семантикалык көп кырдуулугу, эстетикалык, семантикалык мазмунга ээ экендиги менен айырмаланат.

М: 1. Беш жыл жашап, бул шаардан бир дагы үйлүү-жайлуу таанышш ашырган эмесмин. 2. *«Мен тегирменде түнөйм, эшикти бекем дембелеп ал», -деген эле Колдош бүгүн. 3. - Акун! - деп кыйкырды Айша кубангандан. -Айдыңым, - дедим аны жерге коюп, маңдайынан өөп. - Айдыңым…* [2, 13-б., 94-б., 73-б.].

Мисалдардагы *ашырган* – «таппаган»; ал эми *дембелеп* – «бекитип, илип»; - *Айдыңым* «жаркын, айдын жарыгы же айым» маанилерине карата гана синонимдик катарды түзбөстөн, айтылып жаткан ойдун элестүүлүгүн да арттырып турат.

Чыгармада бир сөздү ыксыз, туш келди колдоно берүү, улам-улам кайталай берүү кептин көркөмдүк кудуретин жоготот. Синонимдерде бир эле нерсенин ар кыл белгилери берилгендиктен, анын маңыз-табияты ар тараптан толук ачылат жана ой так жана элестүү берилет. М.Гапаров өзүнүн аңгеме, повестеринде синонимдерди ойдун мазмунуна, багытына карай ылгап, тандап колдонот. *Парандалар ага көнүп бүткөн, андан анча жатыркашпайт. Парандаларга дайыма камкордук кылгандыктанбы алар негедир коркушпайт.*

Келтирилген мисалда ал кайталанган лексема аркылуу кийинки чечмелене турган ойго окуучуну даярдайт.

М: Кээде бир-эки жумага чейин эч ким келбей калчу. Мына ушундай күндөрү чолок мүйүз карнайын көтөрүп чыгып, озондотуп тартып туруп алчу. Өйүз-бүйүз кыштактарга тегиз угулсун үчүн, көп учурда ал өзүнүн шайтан көпүрүгүнүн орто ченине барып алып тартчу. Күндүзү, түндөсү -каалаган учурда, зериккен учурда, куса болгон учурда тартчу. Уккан элге анын мүйүз карнайинин авазы муңдуу жана аянычтуу угулчу [2, 85-б.].

Жазуучу чыгармаларында контексттик синонимдер аркылуу ойду күчөтүп, аны улам өркүндөтүп, градациялык ыкманы колдонуп, чыгарманын элестүүлүгүн, таасирдүүлүгүн, образдуулугун арттырганын төмөнкү мисалдар далилдейт: *Дароо анын алдында кандайдыр терең, улуу белгисиздик пайда болуп, ал белгисиздиктен ошондой эле терең, улуу коркунучтун илеби келди. Өрөөндө да, тоолордо да таптаза, апаппак кар жатат. Мен ак жолду, ак өрөөндү, ак тоолорду карап өзүмчө ойго батып отурам* [2, 118-б., 58-б.]. *М: – Аке-е-е! – деп кыйкырды ал, бүт ачуусун, ызасын чыгарып. Акеси кулак салган жок* [2, 180-б.]. *Аппак сүт чагылышып, анын ансыз да ак жүзүн андан бетер тунук, сулуу кылып көрсөтүп атты. Муну Жаңыл өзү да сезип турду. Үйдүн ичи кең жана жарык экен. Жаңыл ушулардын баарын таңыркап да, сонуркап да карап туруп калды* [2, 179-б.].

Ал эми бул контекстте автор градациялык ыкмада синонимдик катарлардын семантикалык жактан төмөндөшү, улам басандашы аркылуу да шартталарын бере алган. 1. *Малик шагы сынып, ындыны өчүп, анын артынан ээрчиди…* 2. *Ошол замат өзүнүн кардындагы баласы түйлап, ичи катуу ооруп берип, көздөрү тунара түштү.* 3. *Суусар тик турууга аракеттенип, бирок тура албай, төрт аяктап өрмөлөп, таш бакага окшоп акырын жылып, төркү үйгө кирип кетти* [2, 147-б., 117-б., 115-б.].

Синонимдик мааниллеш түгөйлөрдү экспрессивдүү-стилистикалык мүнөзүнө карата иргеп, ылгап колдонууда алардын ортосундагы маанилик окшоштуктарды эмес, тескерисинче, алардын ортосундагы семантика-стилистикалык өзгөчөлүктөрдү эске алуу талап кылынат. Анткени синоним деп аталып, ар башка айтылган сөздөрдүн негизинде бир түшүнүк жатканы менен, алардын ортосунда семантикалык жана

стилистикалык айырмачылыктар болбой койбойт. *Өрөөндө да, тоолордо да таптаза, апаппак кар жатат. Кар бетинде январь айынын ачык тийген күнүнүн нурлары ойноп – куунап жүрүшөт.*

Бир эле сөздүн бүтүндөй кайталанбашын айрым сөз сакташы мүмкүн. Жазуучу аңгеме-повесттеринде аялзатына тиешелүү сөздөрдү: *катын, аял, байбиче, бийкеч, зайыб, келин, кемпир, канчык, шуркуя, айдыңым* сыяктуу оң, терс маанилерди берген синонимдерди кеңири пайдаланып, чыгарманын тилинин көркөмдүгүн элестүүлүгүн, экспрессивдүүлүгүн арттырууга жетишкен. Ошондой эле *М: - Болду, болду байбиче, - деди Мурат анын оюн түшүнүп. Андан көрө, катыныңа айтчы суу алып чыксын* [2, 67-б.] айтууга ыңгайсыз, орой жана жагымсыз сөздөрдү алмаштырган эвфемизмдер кездешерин айтсак болот.

Бир өңчөй синонимдеш сөздөрдү колдонуу менен чыгармадагы каармандын образын тереңдетүү максатында төмөнкүдөй семантика-стилистикалык синонимдер кездешет. *М: Сали караңгы подъездге кирип, мышыктай жеңил басып, мышыктай аяр басып өз квартирасына көтөрүлө баштады. Үйүнө кирген соң, ошол эле аярлыгы менен акырын чечинип, секин барып аялынын койнуна кирди* [2, 256-б.]. Бул сүйлөмдө синонимдер удаа колдонулуу менен, Салинин образы тереңдетиле баштайт.

М.Гапаров сөзгө сараң, кыска, нуска жазган, окуянын артынан кубалабаган жазуучулардан. Анын ар бир сөзү жүк көтөрүп, сыр катып, мааниге ээ болуп, ар бир сөзү окурманды ойлондурууга аргасыз кылат. Жазуучу эне-баланын оор абалын, сагынычын бир сүйлөм менен эле жеткирип бере алган: *Чөп баскан эски жолдо эне-бала бирин бири бекем кучакташып, тааныш жыттарын жытташып, көпкө-көпкө унчугушпай турушту. Экөө тең көздөрүн жашырып, бири-биринин денесине ысык жаштарын куюлтушуп, секин-секин ыйлап жаштарын агызып жаткандыктарын жакшы билип турушту. М: Антсе кана дешип, бирок ага анча ишенбей, ынабай акыры аны эл өз оюна тек коюшту* [2, 212-б.].

Тилде фразеологизмдер ойду көркөм, элестүү берүү жана экспрессивдүүлүк табияты жагынан көркөм сөз каражаттардан өзгөчөлөнгөн синонимдик маанилеш түгөйлөрдү жаратат. Мурза Гапаровдо диалектилик фразеологизмдер кездешип, алар аймактык мүнөзгө ээ болгон синонмдин өзгөчө калоритин берет. Мисалга алсак, *апсаласы пир болду-жаны жай тапты, көңүлү тынчыды, көксөөсү сууду* деген мааниде колдонулат. М: *Мен да жарык-жаанда кайтайын* [2, 48-б.]. Мындагы диалектилик лексема *жерге караңгы түшө электе* деген синонимдик катарды түшүндүрөт.

Жыйынтыктап айтканда, М.Гапаров маанилеш синонимдик түгөйлөрдү чыгармаларында автодук баяндоолордо каармандардын кебинде, мүнөз түзүүдө, образдарды элестүү, экспрессивдүү берүүдө кеңири колдонгон.

Адабияттар:

1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. 3-китеп. - Бишкек: Педагогика, 2000.
2. Гапаров М. Экөө ээн бакта. / Көркөм чыгармалар жыйнагы. - Бишкек, 2009.
3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. - Фрунзе: Мектеп, 1969.
4. Усубалиев Б. Кыргыз филологиясы жана филологдору. Окуу китеп. - Бишкек: AVARASIA BASMASI, 2006.